КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНЕ КАРАШТУУ УЛУТТУК АТТЕСТАЦИЯЛЫК КОМИССИЯ

НАЦИОНАЛЬНАЯ АТТЕСТАЦИОННАЯ КОМИССИЯ ПРИ ПРЕЗИДЕНТЕ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

10-январь 2025-ж.
№ 02

г. Бишкек

**К. И. Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университети жана тең уюштуруучу Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетине караштуу Д 06.23.670 диссертациялык кеңешти бекитүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу УАКтын 2023-жылдын 4-апрелиндеги № 16 буйругуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 2-сентябрында Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссия жөнүндө ПЖ № 377 Жарлыгы менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссия жөнүндө» жобону, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-январында Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын маселелери жөнүндө ПЖ № 12 Жарлыгы менен бекитилген Диссертациялык кеңеш жөнүндө жобону жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясынын президиумунун 2024-жылдын 26-декабрындагы № 511 токтомунун (№ 10д/к-4/9 протоколу) негизинде **буйрук кылам:**

К. И. Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университети жана тең уюштуруучу Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетине караштуу Д 06.23.670 диссертациялык кеңешти бекитүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу УАКтын 2023-жылдын 4-апрелиндеги № 16 буйругуна өзгөртүүлөр киргизилсин:

1. К. И. Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университети жана тең уюштуруучу Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетине караштуу Д 06.23.670 диссертациялык кеңештин курамынан 06.01.09 – өсүмдүк өстүрүүчүлүк (авторефераты боюнча) адистиги боюнча айыл чарба илимдеринин доктору, доцент Тургунбаев Кубанычбек Токтоназарович биоагрардык илимдер боюнча эксперттик кеңештин курамына киргизилгендигине байланыштуу чыгарылсын.

2. Айыл чарба илимдеринин доктору, доцент Дуйшембиев Нурдин 06.01.09 – өсүмдүк өстүрүүчүлүк (эмгектеринин жыйындысы боюнча) адистиги боюнча айыл чарба илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын, 06.01.04 – агрохимия (авторефераты боюнча) адистиги боюнча айыл чарба илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертацияларды карoo укугу менен К. И. Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университети жана тең уюуштуруучу Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетине караштуу Д 06.23.670 диссертациялык кеңештин курамына киргизилсин.

**Төраганын м.а.** **Р. Э. Асизбаев**